**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# БатМУнун ЖОГОРКУ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫНА ЖАНА КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН КАНААТТАНУУ ДЕҢГЭЭЛИНЕ МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖОБОСУ

**Баткен – 2022 ж.**

БатМУнун Окумуштуулар
кеңешинде каралып бекитүүгө
сунушталган № 4 протокол
« 18 » 04 2022 ж.

"БЕКИТЕМИН"
БатМУнун ректору э.м.д.
профессор А.Т.Гыязов
« » 2022 ж.

**Кыскартылган сөздөр**

**ББСБ –** Билим берүүнүн сапат бөлүмү

**ОМД –** Окуу-маалымат департаменти

**АЧД –** Админстративдик-чарба департаменти

**СжТКБ –** Санариптештирүү жана техникалык камсыздоо бөлүмү

**НББП –** Негизги билим берүү программасы

**ББП –** Билим берүү программасы

# 1. Жалпы жобо

**1.1.** Бул Жобо «2003-жылдын 30-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө» Мыйзамына (өзгөртүүлөр менен), № 173/1, 25.02.21 ж. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругунун негизинде бекитилген билим берүү мекемелеринин типтүү жобосуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык иштелип чыкты. Бул жобо, университеттеги билим берүүдөгү сапатын камсыздоодо окуу жайдын ишмердүүлүгүн камсыздайт. Ошондой эле БатМУнун Уставынын негизинде ЖОЖдун администрациясы тарабынан билим сапатын аныктоодо ЖОЖдун ичиндеги мониторингди жүргүзүүнүн мазмунун жана тартибин аныктап, жөнгө салынат.
**1.2.** Бул жобо университетте билим берүүнүн сапатына (мындан ары - мониторинг) мониторинг жүргүзүү үчүн бирдиктүү талаптарды белгилейт.
**1.3.** Жобо, ага киргизилүүчү толуктоолор жана өзгөртүүлөр Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде, ишке ашырылат жана ректордун буйругу менен бекитилет.
**1.4.** Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү системасы, билим берүүнүн сапатын баалоо системасынын ажырагыс бөлүгү катары каралат жана билим берүү мекемесинин ишмердүүлүгүндө маалыматтык камсыздоо катары кызмат кылат.
**1.5.** Бул жободо төмөнкүдөй терминдер колдонулат:
**Мониторинг –** билим берүү системасынын процесстерине, натыйжаларына жана башка мүнөздөмөлөрүнө анын өнүгүүсүнүн жана иштөөсүнүн коюлган максаттарга шайкештигин (же шайкеш келбегендигин) аныктоо үчүн системалуу түрдө байкоо жүргүзүү. Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү системасы - билим берүүнүн сапатын башкарууну маалыматтык камсыздоого багытталган билим берүү системасы жана анын айрым элементтери жөнүндө маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу, талдоо, сактоо жана жайылтуу системасы. Мониторинг билим берүү системасынын абалын каалаган мезгилде баалоого мүмкүндүк берет жана ошондой эле убакыт жана анын өнүгүшүн алдын ала билүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Билим берүүнүн сапаты – билим берүүнүн иш жүзүндөгү натыйжаларынын ченемдик талаптарга, социалдык жана жеке жыйынтыктарга шайкештик даражасын чагылдырган билим берүү системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 2. Мониторингдин максаты жана милдеттери

**2.1. Мониторингдин максаты -** аймактагы билим берүү системасынын өнүгүү тенденцияларын аныктоо үчүн университеттин билим берүү системасынын абалы жана анын ишинин негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматтарды чогултуу, жалпылоо, талдоо, маалыматтык башкарууну ишке ашыруу, сапаттуу билимге жетүү үчүн жыйынтыктарды жыйноо.
**2.2.** Бул максатка жетүүнүн **милдеттери:**
- БатМУда жогорку жана орто билим алууга ички жана сырткы керектөөчүлөрдүн канааттануусун аныктоо;
- ички керектөөчүлөрдүн (студенттердин) факультеттин жана адистиктин тандоосуна канааттануусун аныктоо;
- ички керектөөчүлөрдүн (студенттердин) ар кандай дисциплиналар жана дисциплиналар блоктору боюнча алган билимдерине жана жөндөмдөрүнө канааттануусун аныктоо;
- ички керектөөчүлөрдүн (студенттердин) практикалардын жана өз алдынча ишин уюштурууга канааттануусун аныктоо;
- деканаттын жана кафедранын ишинин сапатына ички керектөөчүлөрдүн (студенттердин) канааттануусун аныктоо;
- ички керектөөчүлөр (студенттер) тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын мазмунуна болгон керектөөлөрдү аныктоо;
- билим берүү системасынын абалы жөнүндө маалыматтарды чогултуунун, иштеп чыгуунун жана сактоонун бирдиктүү системасын, механизмин түзүү;
- мониторингдин бардык катышуучуларынын ишин координациялоо;
- университетте билим берүү системасын өнүктүрүүнүн динамикасын жана негизги тенденцияларын аныктоо;
- билим берүүнүн сапатына таасир этүүчү факторлорду аныктоо, таасирин минималдаштыруу жана терс кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрүү;
- алынган маалыматтарды талдоонун негизинде билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негизги стратегиялык багыттарын түзүү.

**2.3.** Мониторинг билим берүү сапатынын төмөнкү негизги **аспектилерине** багытталган:
- натыйжанын сапаты;
-шарттардын сапаты (программалык-методикалык, материалдык-техникалык, кадрдык, маалыматтык-техникалык, уюштуруучулук ж.б.);
- процесстердин сапаты.

**2.4.** Мониторингдин багыттары өткөн окуу жылындагы университеттин ишинин жыйынтыгынан алынган билим берүүнүн сапатынын көрсөткүчүнүн негизинде, үстүбүздөгү жылдын көйгөйлөрүнө жана милдеттерине ылайык аныкталат.
**2.5.** Билим берүүнүн сапат системасынын иштөөсүнүн негизги принциптери катары объективдүүлүк, тактык, толуктук, жетиштүүлүк, системалуулук, оптималдуу жалпылоо, натыйжалуулук (өз убагында) жана өндүрүшкө жөндөмдүүлүк болуп табылат.
**2.6.** Мониторингдин жыйынтыктарынын башкы колдонуучулары болуп билим берүү органдары, окуу жайлардын администрациясы жана педагогикалык жамааты, окуучулар жана алардын ата-энелери, коомчулуктун өкүлдөрү ж.б.саналат.
**Күтүлүүчү натыйжалар;**

Сапатты баалоо көйгөйү ар кандай объектинин сапатынын параметрлеринин жана мүнөздөмөлөрүнүн комплекстүүлүгүнө жана көптүгүнө, ошондой эле респонденттер билдирген баалардын субъективдүү толуктугуна байланыштуу. Ошондуктан, изилдөө максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн окутулуп жаткан предметтердин сапатын, билим берүү жана материалдык-техникалык инфраструктураны, ошондой эле керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарын

жана муктаждыктарын баалоонун синхрондуу жана диахрондук кесилиштериндеги керектөөчүлөрдүн канааттануу деңгээлин талдоо чечими кабыл алынат.

## 3. Мониторингди уюштуруу технологиясы

**3.1.** Мониторинг жүргүзүүнүн жол-жобосу, аны ишке ашыруунун уюштуруучу негизи болуп план жана циклограмма саналат. Мында мониторинг жүргүзүүнүн формасы, багыттары, мөөнөттөрү жана тартиби, жооптуу аткаруучулар аныкталат да, мунун негизинде жылдык же жарым жылдык мониторинг цикли түзүлөт. Ал ЖОЖдун ректорунун буйругу менен бекитилет жана университеттин кызматкерлеринин негизги милдети болот.
**3.2.** Мониторинг эки формада жүргүзүлөт: туруктуу (үзгүлтүксүз) мониторинг (максаттар коюлгандан жана маалыматты чогултуунун жана иштеп чыгуунун тиешелүү технологиясы менен суроо-талаптар системасын түзгөндөн кийин үзгүлтүксүз жүргүзүлөт) жана планга ылайык мезгилдүү мониторинг (мезгил-мезгили менен) жүргүзүлөт.
**3.3.** Мониторинг деңгээлдик иерархиялык түзүм болуп саналат жана университеттин административдик деңгээлин, предметтик окутуучулардын, университеттин окуу-түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин усулдук бирикмелеринин деңгээлин камтыйт.
**3.4.** Мониторинг университеттин бардык деңгээлдеринде окуу-түзүмдүк бөлүмдөрүндө өз ара аракеттенүүнү талап кылат.
**3.5.** Мониторинг жүргүзүү үчүн жооптуу адамдар дайындалат. Алардын курамы БатМУнун ректорунун жана ЖОЖдун окуу-түзүмдүк бөлүмдөрүнүн директорунун буйругу менен бекитилет. Мониторинг жүргүзүүчүлөрдүн курамына ББС бөлүмү, сапат боюнча жетектөөчү адистер, директордун орун басарлары жана факультеттин декандары, окутуучулар кирет.
**3.6.** Мониторингде маалыматты чогултууда, иштеп чыгууда, аны сактоонун жана пайдалануунун бардык этаптарында заманбап маалымат-технологияларынын негизинде ишке ашырылат.

## 4. Мониторингди ишке ашыруу.

**4.1.** Мониторингди жүргүзүүдө төмөнкү иш-чаралардын ырааттуулу сакталат:
- мониторингдин объектисин аныктоо жана негиздөө;
- мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулган маалыматтарды чогултуу;
- маалыматты сактоону жана оперативдүү пайдаланууну камсыз кылуу;
-мониторинг жүргүзүүдө алынган маалыматтарды иштеп чыгуу - мониторинг жүргүзүүдө алынган маалыматтарды талдоо жана интерпретациялоо;
-алынган маалыматтарды талдоонун натыйжалары боюнча документтерди даярдоо;
- мониторингдин натыйжаларын колдонуучуларга ачык-айкын жеткирүү .
**4.2.** Мониторингдин каражаттарын иштеп чыгууда жалпы методологиялык талаптардын максатка ылайыктуулугун, негиздүүлүгүн, колдонуунун жөнөкөйлүүлүгүн, башкаруунун ар кандай деңгээлдери үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, стандартташтыруу жана абрабациялоо;
**4.3.** Билим берүү системасына сапаттык жактан баа берүүдө анын негизги инструменттери болуп, билим берүү системасынын алкагында окшош мүнөздөмөлөрдүн өзгөрүшүнө талдоо жүргүзүү (салыштырмалуу анализ) саналат.

## 5. Мониторингдин ыкмалары:
- рецензия;
- тестирлөө, суроо берүү, рейтинг-контроль;
- контролдоо жана башка квалификациялык иштерди жүргүзүү;
-маалыматтарды аналитикалык жана статистикалык жактан иштетүү ж.б;
- байкоо, суроо.

Мониторингдеги көрсөткүчтөрдүн жана параметрлердин иерархиялык түзүлүш принцибине ылайык жогорку деңгээлде белгиленген көрсөткүчтөр системасына төмөнкү деңгээлдеги мониторингдин параметрлери киргизилет.

**6. Негизги багыттар:**

**6.1.** Мониторингдин түрлөрү
- жалпы предметтер боюнча өздөштүрүүнүн деңгээлин, негизги билимдерин жана көндүмдөрүн баалоо:
- студенттердин окуусуна жана жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү жана диагностикалоо;
- студенттердин билим деңгээлине жана сапатына мониторинг жүргүзүү;
- предметти окутуунун сапатына жана модулдардын алынуу сапатына мониторинг жүргүзүү;
- окутуучулардын (студенттердин) окуу жүгүнө, жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө;
- баалоо жол-жоболорунун майнаптуулугуна;
- окутуучулардын (студенттердин) жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына;
- билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине;
- берилүүчү билимдин майнаптуулугун жогорулатуу жана адекваттуулугун аныктоо максатында бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун.

**6.2.** Алынган мониторингдин жыйынтыгы боюнча тиешелүү документтер (отчеттор, маалым каттар) түзүлүп, алар студенттердин, ЖОЖдун профессордук-окутуучулар курамына, уюштуруучулардын, ата-энелердин назарына сунушталат. Мониторингдин натыйжалары университеттин административдик чечимдерин кабыл алууга негиз болот.

**7. Мониторинг жүргүзүү, мезгили менен баалоо.**

| № | Мониторинг жүргүзүү жана баалоо процесстеринин аталышы жана типтери | Жооптуу адамдар | Датасы | Жыйынтык | Суроолор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Абитуриенттерди кабыл алуудагы сурамжылоо | Кабыл алуу жана кесипке багыт берүү бөлүмү ББСБ | ЖОЖго кабыл алуу учурунда | ЖОЖдогу адистиктерге талапты аныктоо | №1-тиркеме |
| 2 | Баштапкы билимдерди текшерүү (Диагностикалык тест, норматив) | Ар бир профилге тиешелүү кабыл алуу комиссиясы | Окуу жылынын башы | Алгачкы билимдерин аныктоо | Жобого ылайык түзүлөт |
| 3 | Калдык билимдерди текшерүү (Комплекстик тест алуу) | Деканат | Семестр аягы | Тайпалардын мурунку семестрдеги кесиптик дисциплиналар боюнча калдык билимдерин аныктоо | ББП ылайык түзүлөт |
| 4 | "Окутуучу студенттин көзү менен" анкетирлөө | ББСБ Сапат боюнча жетектөөчү адистер | Ар бир семестрдин аягында, МАдан кийин | Атайын бекитилген жобого ылайык ишке ашыруу, окутуучулардын компетенттүүлүгү | Жободо көрсөтүлгөн |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | ББП жана НКББ программаларына студенттердин канааттануусу | Кафедра, програм-ма боюнча жу-мушчу топ | Жыл сайын | Билим берүү про-граммаларынын майнаптуулугуна карата мониторинг | №2-тиркеме |
| 6 | Окутуучулардын канааттануу деңгээлин аныктоо | Деканат ББСБ | Жыл сайын | Окутуучулардын окутуу процессинин жүрүшүнө канааттануусун аныктоо | №3-тиркеме |
| 7 | Студенттердин канааттануу деңгээлин аныктоо | Деканат ББСБ | Жыл сайын | Студенттердин окутуу процессинин жүрүшүнө канааттануусун аныктоо | №4-тиркеме |
| 8 | Окуу процессин жакшыр-туу (окутуучулар, студенттер) | Билим берүүнүн сапаты, ОУМТБ, деканаттар | Жылына 2 жолу | Оуу процессиндеги кемчиликтерди ана-лиздөө, аны жоюунун жолдорун аныктоо | №5-тиркеме |
| 9 | Кызыгуулар жана мамилелер | ББСБ | Жыл сайын | Окутуучулар менен студенттердин мамилелерин аныктоо, жакшыртуу | №6-тиркеме |
| 10 | "Китеканачы окурмандын көзү менен" | Борборлоштурулган китепкана | Жыл сайын | Китепканачылардын окурмандарга жасаган мамилесин жана аларга түзүлгөн шарттарды билүү | №7-тиркеме |
| 11 | Медпункттун иштөө абалы жана андагы шарттар | АЧД Медайым | Жыл сайын | Медпункттун иштөө абалына канааттануусу | №8-тиркеме |
| 12 | Ашкана (буфеттин) иштөө абалы жана андагы шарттар | АЧД Ашпозчу | Жыл сайын | Ашкананын иштөө абалына канааттануусу | №9-тиркеме |
| 13 | Практика боюнча сурамжылоо | ОМД Практика боюнча жетектөөчү адистер | Жыл сайын | Студенттердин окуудан сырт көндүмдөрүн калыптандыруу | №10-тиркеме |
| 14 | Сайттын иштөө абалы, анын жеткиликтүүлүгү | СжТКБ ББСБ | Жыл сайын | Студенттердин окуу жай боюнча зарыл маалыматтарды бат жана кыйналбастан | №11-тиркеме |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | алуусу | |
| 15 | Ата-энелерди сурамжылоо | ББСБ деканат | Жыл сайын | БатМУ менен ата-энелер ортосундагы байланышты чыңдоо | №12-тиркеме |
| 16 | Бүтүрүүчүлөрдү сурамжылоо | Карьера жана практика бөлүмү | Жыл сайын | Бүтүрүүчүлөр менен карым-катнашты бекемдөө | №13-тиркеме |
| 17 | Кызыктар тараптарды сурамжылоо (жумуш берүүчүлөр, коомчулук ж.б. БатМУнун ишмердүүлүгүнө канааттануусу) | ББСБ деканат | Жыл сайын | замандын талабына ылайык, керектөөчүлөрдү канааттануусуна жетишүү, келечекти пландоо | №14-тиркеме |

***№1-тиркеме***

Абитуриенттерди кабыл алуу

Урматтуу абитуриенттер, анкетанын суроолоруна жооп берүүңүздөрдү суранабыз. Кээ бир абзацтарда бир нече жоопту белгилей аласыз.

**Максаты** – ЖОЖдун адистигине суроо-талапты аныктоочу факторлорду ачып көрсөтүү үчүн маалымат булагы катара абитуриенттерди анкеталоо

| № | Суроонун аталышы | Жооптор |
|---|---|---|
| 1 | Кайсы райондо (шаарда) мектепти аяктадыңыз? | |
| | БатМУ жөнүндө кайсы жерден уктуңуз? | БатМУнун ачык эшик күнүндө |
| | | БатМУнун жарнамалык продукциясы боюнча (буклеттер, проспекттер, баракчалар) |
| | | БатМУнун официалдуу сайтынан |
| | | Радиодон |
| | | Интернет булактарынан |
| | | Билим берүү мекемесинде БатМУнун өкүлдөрү менен жолугушкандан кийин |
| | | Туугандардан жана достордон |
| | | Башка |
| 2 | БатМУ жөнүндө толук маалымат алуу үчүн бардык булактарды атаңыз. | БатМУнун сайты |
| | | БатМУнун социалдык баракчалары |
| | | Ачык эшиктер күнү |
| | | Мектептеги карьералык сүйлөшүүлөр |
| | | ЖОЖдордун көргөзмөлөрү |
| | | Университеттин бөлүмдөрүнө жана лабораторияларына экскурсиялар |
| | | Университеттин маалымат баракчалары |
| | | БатМуда кошумча сабактар (семинар, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | курстар, ж. б.) | |
| | | Башка | |
| 3 | БатМУнун социалдык баракчаларына (Facebook, Instagram, Telegram) жазылгансызбы? | Ооба | Жок |
| 4 | Сиз ошол эле учурда Кыргызстандагы башка университеттерге да документтерди тапшырасызбы? | Ооба | Жок |
| 5 | Өткөн жылы БатМУдагы кандай иш-чараларга жана курстарга катыштыңыз? | Ачык эшик күнү | |
| | | Университетке болгон экскурсия | |
| | | Семинар | |
| | | Проекттер боюнча тренингтер | |
| | | Олимпиада | |
| | | Башка | |
| 6 | БатМУга тапшыруу үчүн тандоо мотидерин көрсөтүңүз | Жогорку сапаттагы билим/жогорку окуу жайдын кадыр-баркы | |
| | | Сизди кызыктырган даярдоо багыты бар | |
| | | Туугандары / досторунун жана тааныштарынын кеңештери | |
| | | Бул окуу жайды аяктагандан кийин жакшы жумуш табуу мүмкүнчүлүгү | |
| | | Эсте калаарлык студенттик жашоо | |
| | | Үйгө жакындыгы | |
| | | Мен кайсы окуу жайда окууга кайдыгер эмесмин | |
| | | Башка | |
| 7 | Сиздин тандооңузга эмне же ким таасир этти? | Ата-энем | |
| | | Досторум, туугандарым | |
| | | Жарнамада чыккан маалыматтар | |
| | | Мугалимдер | |
| | | Башка | |
| 8 | Ата-энеңиздин келечектеги кесибиңизге байланыштуу кеңешин угасызбы? | Ооба | Жок |
| 9 | Сиздин мектепте кесипке багыт берүү иши (профориентация) жүрдүбү? | Ооба | Жок |
| 10 | Окуунун кайсы формасына өтүүнү пландап жатасыз? | Күндүзгү | Сырткы |
| 11 | Сиз окуй турган окуу жайдын Мамлекеттик болушу сиз үчүн маанилүүбү? | Ооба | Жок |
| 12 | БатМУ сиз окуй турган кесип барбы? | Ооба | Жок |

***№2-тиркеме***

Баткен мамлекеттик университети

БатМУда студенттердин окуу жүгүнө, жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө карата сурамжылоо

**Сурамжылоонун максаты –** БатМУда окуу процессин уюштуруунун сапатына канааттанууну изилдөө жана окуу программаларынын натыйжалуулугун баалоо. Бул төмөнкү маселелер боюнча пикирди билүүнү камтыйт:

- ✓ окуу программасынын мазмуну (канчалык натыйжалуу, практикалык мааниси, түшүнүү мүмкүнчүлүгү);

- ✓ окуу учурунда жалпы шарттар жана жагдай (физикалык шарттар, алаксытуунун жоктугу ж. б.);
- ✓ окуу максаттарына жетүү даражасы (угуучулардын күтүүлөрүнө ылайык келүү, угуучулардын окуу натыйжаларын өз ишинин практикасында колдонууга даярдыгы).
- ✓ окутулуп жаткан лекциялардын жана практикалык сабактардын мазмунуна канааттануу; башкаруу формаларына жана алардын объективдүүлүгүнүн деңгээлине канааттануу;
- ✓ окутуунун сапаты (окутуучунун квалификациясы, окутуу стили, колдонулган окутуу ыкмалары);

| № | **Суроонун аталышы** | **Жооптор** | |
|---|---|---|---|
| 1 | БатМУда окутуунун сапатына канааттанасызбы? | Ооба | Жок |
| 2 | Окуу процессиндеги регламент сизди канааттандырабы? | Ооба | Жок |
| 3 | Сабактардын башталышы боюнча сизге ылайык келген убактысы? | 8:30 | 9:00 |
| 4 | Танапистеги тыныгуу (20 мүнөт.) сизге ылайыктуубу? | Ооба | Жок |
| 5 | Окуу жадыбалына коюлган сабактар сизди канааттандырабы? (Пикириңиз болсо “Другое” баскычын басып пикириңизди калтырыңыз) | Ооба | Жок |
| 6 | Сабак өтүүнүн сапаты катары Сиз кандай негизги кемчиликтерди белгилегиңиз келет? | Окутуучулардын начар билим денгээлдерин | |
| | | Студенттердин билимин баалоодо окутуучулардын обьективдүү эместиги | |
| | | Негизги лекциялык материалды начар түшүндүрүүсү | |
| | | Сабактарды окутуучулардын үзгүлтүккө учуратуусу, келбей калышы | |
| | | Окуу материалдарын начар баяндоосу, студенттер менен иштей билбегендиги | |
| 7 | Адистештирүү дисциплиналары боюнча лекциялар негизинен өткөрүлөт: | Power Point пайдалануу менен | |
| | | Интернетти пайдалануу менен | |
| | | CD-ROM видеосун жана аудио жазууларды пайдалануу менен | |
| | | Жогоруда көрсөтүлгөндөр негизинен колдонулбайт | |
| 8 | Сиздин оюңуз боюнча Сиз университеттен алып жаткан билим Сиздин келечектеги кесиптик ишмердигиңиздин милдеттерине канчалык деңгээлде туура келет? | Негизинен туура келет | |
| | | Жетишээрлик туура келет | |
| | | Туура келбейт | |
| | | Айтуу кыйын | |
| 9 | Кесиптик билим берүүчү дисципланалар боюнча окутуучулардын кесиптик компетенциясынын денгээли | Жогору | |
| | | Канааттандырарлык, заманбап жогорку билим берүүнүн талаптарына жооп берет | |
| | | Төмөн | |
| 10 | Өз алдынча даярданууга Сиз күнүнө канча убакыт кетиресиз? | 1 сааттан аз | |
| | | 1 сааттан 2 саатка чейин | |
| | | 2 сааттан 3 саатка чейин | |

| | | |
|---|---|---|
| | | 3 сааттан ашык |
| 11 | Дисциплиналар боюнча ОУК лекциялар конспектиси жана силлабус) Сизге канчалык деңгээлде окууда жардам берет? | Өз алдынча иштерди туура уюштурууда мага ОУК жардам берет |
| | | Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн лекциялардын тезиси жетишсиз |
| | | ОУКтун зарыл экендигин мен көрбөй турам |
| | | Башка жооп |
| 12 | Сиздин бул багыттагы сунушуңуз? | |

**Баалоо жол-жоболорунун майнаптуулугу**

| № | Суроолор | Жооптор | |
|---|---|---|---|
| 1 | Сиз окуу жайда интернеттен акысыз пайдалана аласызбы? | Ооба | Жок |
| 2 | Окутуучулар студенттердин билимин объективдүү баалайт деп айта аласызбы? | Ооба | Жок |
| 3 | Баалоо системасы сизди канаатандырабы? | Ооба | Жок |
| 4 | Окутуучулар сиздин билиммиңизди туура баалайбы? | Ооба | Жок |
| 5 | БатМУда баалоо критерийлери менен тааныштырабы? | Ооба | Жок |
| 6 | Предметтер боюнча БКФ (баалоо каражатынын фонду) менен тааныштырабы? | Ооба | Жок |
| 7 | AVN МС объективдүү иштей алабы? | Ооба | Жок |
| 8 | Баалоо системасына сизде башка сунуш барбы? | Ооба | Жок |
| 9 | Куратордун жумушуна канааттанасызбы? | Ооба | Жок |
| 10 | Ар бир дисциплина өзүнчө бааланабы? | Ооба | Жок |
| 11 | Сессиядан алган бааңызды AVN МСдан эркин көрө аласызбы? | Ооба | Жок |
| 12 | Бул багыттагы сиздин сунушуңуз | | |

***№3-тиркеме***

**Окутуучуларды сурамжылоо анкетасы**

***Урматтуу окутуучулар!***

*Бул сурамжылоо Баткен мамлекеттик университетинин БатМУда кадрларды компетенттүүлүк мамиледе даярдоонун сапатын жогорулатуу, окутуучулар менен студенттердин ортосундагы мамилени чыңдоо, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу процессине окутуучуларды тартуу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун эффективдүү жолдорун табуу, окутуучулардын окутуу процессинин жүрүшүнө карата* ***«Канааттануу деңгээлин»*** *аныктоо максатында жүргүзүлүүдө.*
*Өзүңүздүн оюуңузду тиешелүү ячейкага √ белгисин коюу менен билдирсеңиз.*

---

**Кызматташканыңар үчүн ыраазычылык билдиребиз!**
*Төмөнкү маалыматтарды толтуруу шарт эмес:*
*Кафедра* ____________________________________________________________
*Телефон:* ____________________________ *E-mail:* _______________________
*Толтуруу датасы* ______________________

**1. Окутуу процесси**

Окутуу процессин уюштуруу деңгээлин 5 баллдык шкала боюнча баалап бериңиз!
*(1 – өтө начар, 2 - начар, 3 - канааттандырарлык, 4 – жакшы, 5 – эң жакшы)*

| Критерийлердин аталыштары | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.1. БатМУ да окутуу процессинин абалынын жалпы деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.2. Студенттердин теориялык (базалык) билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн сапаты кандай? | | | | | |
| 1.3. Окутуу процессин китептер, адабияттар менен камсыздоо деңгээли кандай? | | | | | |
| 1.4. Окутуу процессин информациялык-коммуникациялык жана программалык (интернет, мультимедиалык ресурстар, окутуучу программалар, сканерлөө, копиялоо ж.б.у.с.) камсыздоо деңгээли кандай? | | | | | |
| 1.5. Окутуучулар тарабынан окутуунун жаңы технологиялары (сынчыл ойлоо, топтордо иштөө, фокус–группалар, презентация, дискуссия ж.б.) канчалык деңгээлде колдонулат? | | | | | |
| 1.6. БатМУнун профессордук-окутуучулар курамынын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.7. Окутуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышынын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.8. БатМУнун чет өлкөлөр менен өнөктөштүгүн, эл аралык программаларга жана проекттерге катышуусун кандайча баалайсыз? | | | | | |
| 1.9. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу деңгээли кандай? | | | | | |
| 1.10. БатМУнун студенттери үчүн уюштурулуп жаткан практикалардын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.11. БатМУнун өндүрүш менен болгон байланышынын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.12. БатМУдагы студенттердин илимий-изилдөө иштеринин деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.13. Студенттердин билимин жана билгичтиктерин текшерүү жана баалоо процедуралары канчалык деңгээлде коррупциядан корголгон? | | | | | |
| 1.14. Учурдагы, аралыктагы, жыйынтыктоочу текшерүүлөрдө жана экзаменде билимди баалоо системасына канааттанасызбы? | | | | | |

**2. <u>Окутуучулар жана студенттер</u>**

БатМУ нун ишмердүүлүгүнө, окутуучулар менен студенттердин ортосундагы мамилеге сиз канчалык канааттанганыңызды баалаңыз!
*(1 – өтө начар, 2 - начар, 3 - канааттандырарлык, 4 – жакшы, 5 – эң жакшы)*

| **Критерийлердин аталыштары** | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|
| 2.1. БатМУ нун жетекчилиги окутуучулардын, студенттердин муктаждыктарын, сунуштарын, сын-пикирлерин эске алышабы? | | | | | |
| 2.2. БатМУ нун жетекчилиги, окутуучулар студенттер үчүн уюштурулган иш-чараларга активдүү катышабы? | | | | | |
| 2.3. Кураторлордун иш-аракеттерин кандай баалайсыз? | | | | | |
| 2.5. «Окутуучу студенттин көзү менен» аттуу анкетирлөөнү уюштуруунун абалы кандай? | | | | | |
| 2.6. Өндүрүштүк жана башка практикаларды уюштуруу, өткөрүү деңгээли кандай? | | | | | |
| 2.7. Студенттик жатаканадагы жашоо шарттардын деңгээли кандай? | | | | | |
| 2.8. БатМУ нун улуттук деңгээлдеги ролун баалаңыз? | | | | | |
| 2.9. БатМУ иш берүүчүлөр тарабынан “Бош орундар” деп аталган ярмарканы уюштуруу деңгээлин жана эффективдүүлүгүн кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 2.10. Факультетте бүтүрүүчүлөрдүн Ассоциациясы барбы жана анын | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү кандай? | | | | | |
| 2.11. Факультетте карьера борбору түзүлгөнбү жана анын ишмердүүлүгү кандай? | | | | | |
| 2.12. Факультетте билимди баалоо критерийлери жана процедуралары Сизди канааттандырабы? | | | | | |
| 2.13. Факультетте тандоо курстарын аныктоодо консультация процесси кандай уюштурулган? | | | | | |
| 2.14. Факультетте тандоо курсу боюнча дисциплинаны тандоодо студенттердин каалоосу каралабы? | | | | | |
| 2.15. Студенттер үчүн жекече консультацияларды, өз алдынча иштерди уюштуруу абалы кандай? | | | | | |
| 2.16. Факультетте студенттерди жумушка жайгаштыруу боюнча консультациялар өтүлөбү жана жардам берилеби? | | | | | |

**3. Администрация жана окутуучулар**
*(1 – өтө начар, 2 - начар, 3 - канааттандырарлык, 4 – жакшы, 5 – эң жакшы)*

| **Критерийлердин аталыштары** | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|
| 3.1. Студенттер менен болгон тарбиялык, маданий-массалык жана коомлук иштердин деңгээли кандай? | | | | | |
| 3.2. Окуудан сырткары өткөрүлгөн коомдук жана маданий-массалык иштердин абалы кандай? | | | | | |
| 3.3. Спорттук, ден-соолукту чыңдоо жана эс алууну уюштуруу багытындагы иштердин абалы кандай? | | | | | |
| 3.4. Окутуучу-кызматкерлер үчүн социалдык коргоо, саламаттык сактоо, эмгек коопсуздугу системасы барбы? | | | | | |
| 3.5. Профессордук-окутуучулук курамдын методикалык, педагогикалык жана илимий ишмердиктериндеги жетишкендиктерин көзөмөлдөө жана мотивациялоо деңгээли кандай? | | | | | |
| 3.6. БатМУ нун профсоюздук уюмунун ишмердүүлүгүн кандай баалайсыз? | | | | | |
| 3.7. БатМУ нун миссиясынын, стратегиялык өнүгүү жана модернизациялоо пландарынын деңгээли кандай? | | | | | |
| 3.8. Эл аралык программаларга, проекттерге катышуу, чет өлкөлөр менен болгон шериктештиктин деңгээли кандай? | | | | | |
| 3.9. БатМУ нун бюджетинин, финансылык планын ачыктыгы боюнча таанышсызбы? | | | | | |

**4. Сиздин сунуштарыңыз**

1. БатМУ нун ишмердүүлүгүн жогорулатуу боюнча кандай сунуштарыңар бар?_____________________________________________________________________
2. Сизди окутуу процессиндеги кайсыл көйгөйлөр толкундатат?________________
   ______________________________________________________________________
3. ЖОЖдогу коррупцияны жоюу үчүн кандай сунуштарыңыз бар?_____ __________
   ______________________________________________________________________
4. ЖОЖдордо кесипке байланышкан кандай жаңы дисциплиналарды окутуу зарыл деп эсептейсиз? _______________________________________________________
   ______________________________________________________________________

5. ЖОЖдордо даярдалып жаткан адистердин сапатын жогорулатуу үчүн кандай сунуштарыңыз бар?________________________________________________________

***№4-тиркеме***

**Студенттерди сурамжылоо анкетасы**

***Урматтуу студенттер!***

*Бул сурамжылоо Баткен мамлекеттик университетинин БатМУда студенттерди компетенттүүлүк мамиледе даярдоонун сапатын жогорулатуу, окутуучулар менен студенттердин ортосундагы мамилени чыңдоо, студенттердин окутуу процессинин жүрүшүнө карата **«Канааттануу деңгээлин»** аныктоо максатында жүргүзүлүүдө.*
*Өзүңүздүн оюуңузду тиешелүү ячейкага √ белгисин коюу менен билдирсеңиз.*

**Кызматташканыңар үчүн ыраазычылык билдиребиз!**

*Төмөнкү маалыматтарды толтуруу шарт эмес:*
*Курс ___________ Адистик _____________________________________*
*Окутуунун формасы: бюджет _____________ контракт ______________*
*Телефон: __________________________ E-mail: ________________________*
*Толтуруу датасы ____________________*

**1. Окутуу процесси**

Окутуу процессин уюштуруу деңгээлин 5 баллдык шкала боюнча баалап бериңиз!
*(1 – өтө начар, 2 - начар, 3 - канааттандырарлык,*
*4 – жакшы, 5 – эң жакшы)*

| **Критерийлердин аталыштары** | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.1.БатМУда окутуу процессинин абалынын жалпы деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.2. Студенттердин теориялык (базалык) билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн сапаты кандай? | | | | | |
| 1.3. Окутуу процессин китептер, адабияттар менен камсыздоо деңгээли кандай? | | | | | |
| 1.4. Окутуу процессин информациялык-коммуникациялык жана программалык (интернет, мультимедиалык ресурстар, окутуучу программалар, сканерлөө, копиялоо ж.б.у.с.) камсыздоо деңгээли кандай? | | | | | |
| 1.5. Электрондук китепкананын эффективдүүлүгүн кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.6. БатМУнун профессордук-окутуучулар курамынын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.7. Окутуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышынын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.8. Студенттердин информациялык-коммуникациялык компетенттүүлүгүнүн деңгээли кандай? | | | | | |
| 1.9. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу деңгээли кандай? | | | | | |
| 1.10. БатМУнун студенттери үчүн уюштурулуп жаткан практикалардын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.11. БатМУнун өндүрүш менен болгон байланышынын деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.12. БатМУдагы студенттердин илимий-изилдөө иштеринин деңгээлин кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 1.13. Учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| уюштурулушу жана өткөрүлүшү кандай? | | | | | |
| 1.14. Учурдагы, аралыктагы, жыйынтыктоочу текшерүүлөрдө жана экзаменде билимди баалоо системасына канааттанасызбы? | | | | | |

**2. <u>Окутуучулар жана студенттер</u>**

БатМУнун ишмердүүлүгүнө, түрдүү иш-аракеттерине сиз канчалык канааттанганыңызды баалаңыз!

*(1 – өтө начар, 2 - начар, 3 - канааттандырарлык,*
*4 – жакшы, 5 – эң жакшы)*

| **Критерийлердин аталыштары** | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|
| 2.1. БатМУнун жетекчилиги студенттердин муктаждыктарын, сунуштарын, сын-пикирлерин эске алышабы? | | | | | |
| 2.2. БатМУнун жетекчилиги, окутуучулар студенттер үчүн уюштурулган иш-чараларга активдүү катышабы? | | | | | |
| 2.3. Кураторлордун иш-аракеттерин кандай баалайсыз? | | | | | |
| 2.4. «Окутуучу студенттин көзү менен» аттуу анкетирлөөнү уюштуруунун абалы кандай? | | | | | |
| 2.5. Өндүрүштүк жана башка практикаларды уюштуруу, өткөрүү деңгээли кандай? | | | | | |
| 2.6. Студенттик жатаканадагы жашоо шарттардын деңгээли кандай? | | | | | |
| 2.7. Факультеттин мугалимдери сабак өтүүдө окутуунун жаңы технологияларын колдонушабы? | | | | | |
| 2.8. БатМУ жана иш берүүчүлөр тарабынан “Бош орундар” деп аталган ярмарканы уюштуруу деңгээлин жана эффективдүүлүгүн кандай деп баалайсыз? | | | | | |
| 2.9. Факультетте бүтүрүүчүлөрдүн Ассоциациясы барбы жана анын ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү кандай? | | | | | |
| 2.10. Факультетте карьера борбору түзүлгөнбү жана анын ишмердүүлүгү кандай? | | | | | |
| 2.11. Факультетте окутуунун баалоо жыйынтыгынын критерии жана балоо процедуралары Сизге түшүнүктүүбү? | | | | | |
| 2.12. Факультетте тандоо курстарын аныктоодо консультация процесси кандай уюштурулган? | | | | | |
| 2.13. Факультетте тандоо курсу боюнча дисциплинаны тандоодо студенттердин укугу каралабы? | | | | | |
| 2.14. Факультетте студенттер үчүн жекече консультациялар жүргүзүлөбү? | | | | | |
| 2.15. Факультетте студенттерди жумушка жайгаштыруу боюнча консультациялар өтүлөбү жана жардам берилеби? | | | | | |

**3. Администрация жана студенттик уюмдар**

*(1 – өтө начар, 2 - начар, 3 - канааттандырарлык,*
*4 – жакшы, 5 – эң жакшы)*

| **Критерийлердин аталыштары** | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|
| 3.1. Студенттер менен болгон тарбиялык иштердин деңгээли кан-дай? | | | | | |
| 3.2. Окуудан сырткары өткөрүлгөн коомдук жана маданий-массалык иштердин абалы кандай? | | | | | |
| 3.3. Спорттук жана ден-соолукту чыңдоо багытындагы иштердин абалы кандай? | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3.4. БатМУнун ректорунун студенттер менен түз байланышы жана жолугушуу иш-чараларынын деңгээлин кандай баалайсыз? | | | | | |
| 3.5. БатМУнун студенттик “Баткен Таны» гезитинин ишмердүүлүгүн кандай баалайсыз? | | | | | |
| 3.6. БатМУнун жаштар комитеттеринин ишмердүүлүгүн кандай баалайсыз? | | | | | |
| 3.7. Студенттердин БатМУнун миссиясы жана стратегиялык өнүгүү пландары менен тааныштыгынын деңгээли кандай? | | | | | |
| 3.8. Студенттик Омбудсмендин ишмердүүлүгүнүн деңгээли кандай? | | | | | |
| 3.9. Студенттик медпункттун ишмердүүлүгүнүн деңгээли кандай? | | | | | |

**4. Сиздин сунуштарыңыз**

1. БатМУнун ишмердүүлүгүн жогорулатуу боюнча кандай сунуштарыңар бар?______________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

2. Сизди кайсыл студенттик көйгөйлөр өзгөчө толкундатат?______________________________________________________________________ __________________________
3. ЖОЖдогу коррупцияны жоюу үчүн кандай сунуштарыңыз бар?______________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

4. ЖОЖдордо кесипке байланышкан кандай жаңы дисциплиналарды окутуу зарыл деп эсептейсиз? ________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

5. ЖОЖдордо даярдалып жаткан адистердин сапатын жогорулатуу үчүн кандай сунуштарыңыз бар?____________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

***№5-тиркеме***

Баткен мамлекеттик университети
Башкы мекемеде жогорку кесиптик билим берүү программаларын окутуу процессинде жакшыртуу максатында **окутуучулар** арасында сурамжылоо жүргүзүү

| **№** | **Суроонун аталышы** | **Жооптор** | |
|---|---|---|---|
| | | **Ооба** | **Жок** |
| 1 | БатМУнун миссиясын билесизби? | | |
| 2 | Окутуунун сапатын камсыздоого окутуучулар катышабы? | | |
| 3 | Окутуучулар инсанга багытталган окутууну ишке ашырабы? | | |
| 4 | БатМУнун стратегиялык пландарына ондоп-түзөөлөр киргизилгендиги жөнүндө маалыматыңыз барбы? | | |
| 5 | БатМУда иш берүүчүлөр менен тегерек стол, жолугушуу уюштурулабы? | | |
| 6 | Сиз сабакта инновациялык окуу-усулдук ресурстарды жана технологияларды пайдаланасызбы? | | |
| 7 | Материалдык-техникалык база жетиштүү деп ойлойсузбу? | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | Студенттердин өз алдынча иштерин текшерүү үчүн атайын методикалык көрсөтмө барбы? | | |
| 9 | БатМУнун коомдогу абройу барбы? | | |
| 10 | Окуу жайда коррупциялык элементтер байкалабы? | | |

Баткен мамлекеттик университети
Башкы мекемеде жогорку кесиптик билим берүү программаларын окутуу процессинде жакшыртуу максатында **студенттер** арасында сурамжылоо жүргүзүү

| № | Суроонун аталышы | Жооптор | |
|---|---|---|---|
| | | Ооба | Жок |
| 1 | БатМУнун миссиясын билесизби? | | |
| 2 | Окутуунун сапатын камсыздоо боюнча студенттер өз оюн айтса, жетекчилер жана окутуучулар кабыл алабы? | | |
| 3 | Студенттер өздөрүнүн сунуштарын жана пикирлерин жетекчилерге жана окутуучуларга билдире турган атайын кутучалар барбы? | | |
| 4 | Өтүлүүчү сабактар окуу-усулдук колдонмолор (кагаз түрүндөгү жана электрондук окуу колдонмолор, таркатма материалдар ж.б.) менен камсыздалганбы? | | |
| 5 | Өтүлүүчү сабактарда инновациялык технологиялар (мультимедия, дистанттык окуу, электрондук китептер ж.б.) колдонулабы? | | |
| 6 | Өтүлгөн лекциялык сабактарга Сиз канааттанасызбы? | | |
| 7 | Өтүлгөн практикалык сабактар Сизди канааттандырабы? | | |
| 8 | Өтүлгөн практикалык сабактардан ык-машыгууларга ээ болдуңузбу? | | |
| 9 | Өз алдынча иштерди өткөрүү үчүн атайын методикалык иштелмелер барбы? | | |
| 10 | Окутуучулар студенттердин жөндөмдүүлүгүнө жараша тапшырмаларды береби жана баалайбы? | | |
| 11 | Окуу жайда студенттердин рейтинги чыгарылабы? | | |
